КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

5-октябрь 2023-ж. № 38 Бишкек ш.

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.23.669 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2023-жылдын 4-апрелиндеги №15 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2023-жылдын 28-сентябрындагы № 350 токтомунун (№ 7д/к-4/1 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.23.669 диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, 12.00.01 - укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча мүчөсү, юридика илимдеринин кандидаты, доцент Куланбаева Зульфия Абдиловна жазган арызына байланыштуу диссертациялык кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин конституциялык жана муниципалдык укук кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты Сагыналиева Венера Желденовна 12.00.01 - укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча (авторефераты боюнча) юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.23.669 диссертациялык кеңештин курамына киргизилсин жана окумуштуу катчы болуп дайындалсын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**